УДК 37

Карасартова Ж.Б.

*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ОКУУЧУЛАРДЫ ГУМАНДУУЛУККА ТАРБИЯЛООДО МЕКТЕП ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨНҮН РОЛУ

*Бул макалада өспүрүмдөрдүн калыптанышында, б.а., ар тараптан өнүккөн адам катары гумандуулукка тарбиялоодо, келечекте коомго пайдалуу ишмердүүлүккө жана турмушка даярдоодо мектеп менен үй-бүлөнүн айрым өзгөчөлүктөрү чагылдырылган.*

Азыркы учурда экономиканын жана маданияттын тез жана гармониялуу өсүүсүнүн кызыкчылыктары коомдун башкы өндүргүч күчү жана эң жогорку байлыгы катары адамдын калыптануусунда өспүрүмдөрдү гумандуулукка тарбиялоодо жаңыча инновациялык мамилелер талап кылынат.

Аны иш жүзүнө ашырууда мектептин, үй-бүлөнүн, коомчулуктун кызматташтыгы маанилүү роль ойнойт. Мындай өз ара аракеттин алдыңкы тажрыйбасына төмөнкүдөй белгилер мүнөздүү болуп саналат.

Мектепте, үй-бүлөдө өспүрүмдөргө тарбия берүү айлана-чөйрөсүндө педагогикалык таасир берүүнүн бирдиктүүлүгүн камсыз кылуучу, башкача айтканда, бир бүтүн үзгүлтүксүз процесске айланууда коомдук жана үй-бүлө тарбиясы барган сайын шайкеш келип, бири-бирин толуктап турат.

Демек, үй-бүлөлүк жана мектептеги гумандуулук тарбиянын айкалышы балдардын ар тараптан гармониялуу өнүгүшүнө көбүрөк көмөк берери талашсыз.

Гумандуулукка тарбиялоонун натыйжалуулугунун жогорулоосу чоң даражада үй-бүлөнүн, мектептин, коомчулуктун өспүрүмдөргө койгон талаптарынын биримдигинин шайкештигине жараша болот.

Ошентип, өспүрүмдөрдүн үй-бүлөдөгү тарбиясына таасир этүүнүн маңызы барыдан мурда мектепке чейинки мекемелердин жана мектептердин, ошондой эле ата-энелердин жардам берүүсү негизги ролду ойнойт.

Ошондой эле үй-бүлөлүк тарбия деп улуу муундар тарабынан үй-бүлөнүн жаш мүчөлөрүн: кичине бала, оспүрүм жана жаштарды коомго пайдалуу, ар тараптан өнүккөн, адеп-ахлактык жактан жетилген инсан катары калыптандыруу максатында жүргүзүлгөн аракеттери саналат.

Коомчулуктун талаптарынын үй-бүлөдө туура жана так коюлушу үй-бүлөдө тарбия берүү процессине оң таасир этүүнүн дагы бир негизги жолу - гуманизм эсептелет.

Мугалим менен ата-энелердин ортосунда тыгыз жана үзгүлтүксүз байланыш болсо, эгерде алардын мамилелери бири-бирине ишенүүнүн жана ак ниетүүлүктүн негизинде түзүлсө, эгерде мугалим ар бир үй-бүлө менен бирдикте иштөөсүндө өспүрүмдөрдүн бардык оң жактарына таянса жана анын өркүндөтүүнүн жолун көргөзө билсе, эгерде мугалим ата-энелер менен ынтымакташтыктын ийгилигине терең ишенсе, аталардын жана энелердин педагогикалык маданияттын жогорулатууга багытталган иштерди ар дайым жүргүзүп турса, аталган система жолго салынары шексиз. Ошону менен бирге мугалим өспүрүмдөрдү окутуп жана тарбиялоо үчүн ата-энелердин алдында эң жогорку жоопкерчиликти сезип, өспүрүмдүн үй-бүлөсүн бардык жагынан билип жана ар дайым кабардар болуп турушу зарыл. Төмөндөгү өзгөчөлүктөрдү да эске алуу керек: ата-энелерди педагогигалык жактан агартуу боюнча үзгүлтүксүз иш жүргүзүү менен бирге үй-бүлөгө басма сөз, радио жана теле көрсөтүүлөр аркылуу таасир этүү, ата-энелерге балдар аркылуу педагогикалык таасир этүү саналат. Демек, ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатууда мектептин ишинин мааниси чоң.

Өспүрүмдөр өздөрү мектепте, ошондой эле үй-бүлөдө жүргүзүлүп жаткан гумандуулукка тарбиялоо процессинин милдеттүү жана активдүү катышуучулары экендиги белгилүү. Алардын ата-энелерге болгон мамилеси, ата-энелердин өз ара

мамилеси үй-бүлө мүчөлөрүнүн барына бирдей таасир этүүчү үй-бүлө мамилесинин системасын түзөт.

Мындай мамилелер системасы өспүрүмдөргө үй-бүлөдө өздөрүнүн ата-энелерин жакшы көрүүсүн гана ойготпостон, жоопкерчилик сезими жана да өзүнүн жекече үлгүсүн үй-бүлөнүн ролун оңдоп түшүнүүсүн ойготот. Алар ата менен эненин ошол эле өспүрүмдөргө болгон сүйүүсү үчүн - мыкты да, таза да, мээрман да болуу менен бирге, аң-сезимин калыптандырууга мажбурлайт.

Өзүндөгү билгендери, ойлогон ойлору, көкүрөгүн өйүгөн сырлары жөнүндө бирөөлөр менен сырдашуу, бөлүшүүнү каалоо өспүрүмдөрдүн табиятына мүнөздүү нерсе. Өспүрүмдөрдү үй-бүлөдө тарбиялоону жакшыртуу максатында бул каалоолорду мектептин өспүрүмдөрү аркылуу ата-энелерге максаттуу таасир берүү үчүн пайдалануу зарыл болуп саналат. Мындай таасирдин маанилүү факторунун бири ата-энелердин жана балдардын биргелешип эмгектениши, мектептеги ар кандай иш чараларды уюштурууга алардын бирге катышуусу, коллектив менен бирге экскурцияга баруулар болуп эсептелет.

Окуучулардын класстагы, үй-бүлөдөгү абалы жөнүндө, анын ден-соолугу жөнүндө, коомдук иштердин ийгилиги жөнүндө кам көрүүсү, мугалимдердин жана ата-энелердин өз ара мугалимдин кеңеши боюнча үй-бүлөдө радио берүүлөрдү жана теле көрсөтүүлөрдү талкуулоо, үй-бүлөлүк викториналарга жана конкурстарга катышуулары, ошондой эле үй-бүлөдө окучуулардын китеп окуусун уюштуруу жана ата-энелер менен бирге окугандарын талкулоолору да ушул максатта кызмат өтөйт. Китепти биргелешип окуу өспүрүмгө өз ара тыкыс мамиледе болууга жардам берет, китептен окугандарын айлана-чөйрөдөгү чындык менен салыштырууга үйрөтөт жана баладагы дагы башка маанилүү сапаттарын калыптандырат.

Үй-бүлө тарбиясын өркүндөтүү боюнча бүткүл иштин натыйжалуулугун жалпысынан жогорулатуу үчүн төмөндөгүлөр эске алынышы зарыл: мектеп үй-бүлөдө тарбия берүү процессинде жогоруда көрсөтүлгөн оң таасир этүү жолдорунун бүт комплексин колдонсо, мугалимдер коллективи үй-бүлө менен өз ара иштешүүнүн жол-жобосуна карата педагогикалык этикалык талаптарды терең түшүнсө, элге билим берүү системасынын, мекемелеринин өзүлөрү бул ишке коомчулукту кеңири жана ар дайым тартуучу демилгечи болуп алардын иштерин бардык жагынан колдоого алышса, үй-бүлөдө тарбия берүүгө мугалим жетекчилик кылуу менен бала мектепке кирерден мурда башталып жана ал окуучу бүтүрүп чыкканга чейин улантылса жакшы болор эле. Ушундан улам мектеп менен үй-бүлөнүн төмөнкүдөй критерийлерин аныктасак болот.

Башкача айтканда, мектеп менен үй-бүлөнүн кызматташтыгынын ийгилигин изилдөөлөрдүн негизги маңызы төмөнкүлөр болуп саналат:

1. «Мугалим - окуучу» системасындагы мамилелердин педагогикалык-этикалык нормаларга так ылайык келиши. Мугалим менен окуучунун өз ара мамилесинде мугалим тарабынан этиканын бир аз гана бузулушу окуу эмгегин же окуучунун адептик ишин талдоодогу бир аз эле калпыстык кетирүү жөн калбайт, мугалим менен үй-бүлөнүн мамилесин кыйындатат.

2. «Мугалим – үй-бүлө - окуучу»системасындагы мамилелердин негизин жана ата-энелер менен болуучу карама-каршылыктардын себептерин терең түшүнүүгө тийиш.

3. Мугалимдин ата-энелер менен кызматташтыгынын социалдык ролу элдин кызыкчылыгын билдиргендигинде. Мына ушундай шартта мектептин мугалим аркылуу ишке ашырылуучу максаттары жана милдеттери үй-бүлөнүн өз ара аракеттинин негиздеринин психологиялык-педагогикалык маани-маңызы өспүрүмдөрдүн бир эле мезгилде педагогдун жана ата-энелердин адептик таасири астында болушунда.

Мектеп менен үй-бүлөнүн өз ара таасир этүүчү бир обьекти байланыштырып турат жана ушундан улам алар адептик позицияда туруп, балага карата да бирдей талаптар коюлары зарыл.

Эки түрдүү мамиле, бири-бирине туура келбей калган учурда гумандуулук тарбия бошондойт да процесстин өзү татаалдап, анын натыйжалуулугу өтө төмөндөп кетет.

Ошондуктан, үй-бүлө менен байланышсыз мугалимдин тарбиялык жактан жогорку натыйжаларга жетишүүсү мүмкүн эмес.

4. Мугалим менен ата-энелердин ортосунда болуучу карама-каршылыктардын негизги себептерине окутуу-тарбиялоо процессинин татаалдыгы, анын натыйжалуулугу мектеп менен үй-бүлөдөн тышкаркы көптөгөн факторлорго байланыштуулугу өспүрүмгө карата мугалимдин мамилесиндеги жана ата-энелердин энелик, аталык сезим жаткан адеп-ахлактык мамилесиндеги айырмачылыктардын дале болсо кездешиши, жалпы жана педагогикалык маданият деңгээлинин ар түрдүүлүгү, педагогикалык өз ара аракетке мугалимдин, ата-эненин этикалык даярдыгынын жоктугу кирет.

Ошентип, ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатууну уюштуруунун бирдиктүү структурасы төмөндөгү звенолорду өз ичине камтыйт:

- чоң кишилердин бардыгын тарбия берүүнүн негиздери менен күндөлүк басма сөз, радио жана теле көрсөтүүлөр аркылуу жалпы жонунан тааныштыруу;

- уландардын жана кыздардын үй-бүлө турмушуна даярдоо: мектептин жогорку класстарында, кесиптик техникалык окуу жайларында;

- жаш жубайларды жана жаш ата-энелерди өспүрүмдөрдү тарбиялоого даярдоо, жогорку окуу жайлардын маданият үйлөрүндө, үй-башкармалыгынын алдында, үй-бүлө клубдарында;

- эне (ата) болууга даярдоо: балдар жана аялдар консультацияларында, атайын лекцияларды, жекече жана группалык консультацияларды уюштуруу,

- ата-энелерди мектеп жашына чейинки балдарды тарбиялоого даярдоо: балдар бакчасында;

- ата-энелерди өспүрүмдөрдү гумандуулукка тарбиялоого даярдоо: жалпы билим берүүчү мектептерде, техникумдарда, кесиптик орто окуу жайларында;

- коомдук активисттерди ата-энелер менен иштөөгө даярдоо: педагогикалык маданият университетинде, семинарлардын, курстардын системасында,; - мугалимдерди жана тарбиячыларды ата-энелер менен иштөөгө даярдоо: жогорку окуу жайларында, курстарда, семинарларда ж.б.

Жогорку критерийлерге таянып, иш алпаруу менен атайын жүргүзүлгөн гумандуулук тарбиянын таасири астында өспүрүм тарбиянын субьектиси катарында тигил же бул коомдогу нормаларды, эрежелерди өздөштүрүүгө аркеттенишет, ал эми коомдогу терс көрүнүштөрдөн башкача айтканда, жүрүм-турумдан, адеп-ахлактык мүчүлүштөрдөн алысташына көмөк берет.

Максатка ылайык жана ыраттуу түрдө жүргүзүлгөн гумандуулук тарбиянын өспүрүмдөргө тийгизген таасири алардын өсүп-өнүгүүсүнө калыптанышына шарт түзөт. Ошондой эле өспүрүмдөрдүн коомдо ыңгайлануушусуна, өз алдынчалагын сактоого, терс таасирлердин кагылышуусунан сактайт, ал эми өспүрүмдөрдүн ар кандай терс жүрүм - турумдарга баруусун чектейт, ата-энелер мектеп менен бирдикте оңдоо, түздөө, кайра тарбиялоо иштерине көмөк түзөт.

Ал эми өспүрүмдөрдү гумандуулукка тарбиялоонун мааниси өспүрүмдөр арасында өз ара түшүнүүчүлүк, адамкерчилик мамилелерди ошондой эле өз ара кызматташтык байланыштардын түзүлүүсүнө жардам берет. Тескерисинче, өз ара карама-каршылыктарды жоюуга, коомдун терс көрүнүштөрдүн өнүгүүсүнө каршы күрөшүүдө негизги критерий болуп саналат.

Демек, педагогикалык маданиятты жогорулатуу ишине көптөгөн мекемелер жана уюмдар катышышат. Бирок, ата-энелерди жана калкты педагогикалык жактан даярдоодогу негизги ролдо албетте, мектеп таяныч болуп эсептелет.

Мугалимдер өздөрүнүн табигый абалдары боюнча ата-энелерди, үй-бүлөлөрдү гумандуулукка тарбия берүү абалын, өспүрүмдөрдүн жеке өзгөчөлүктөрүн, билим берүү милдеттерин жакшы өздөштүүрүсү керек. Антпесе, билим жана тарбия максатына жетпей калышы күтүлөт.

Ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуу иши, качан балдардын курактык жана жеке өзгөчөлүктөрүн, алардын үй турмушунун негизги шарттарын жана

үй-бүлөлүк тарбия берүү абалын, мектептин жана класстын билим берүү, гумандуулукка тарбиялоо милдеттерин эсепке алганда гана натыйжалуу болот. Демек, мугалимдер гана аталарды жана энелерди педагогикалык билим, билгичтиктер жана көндүмдөр менен барынан жакшы, натыйжалуу куралдандыра алышат.

Мындан тышкары мектептер үй-бүлөгө жардам көрсөтүүчү ишканаларга жана мекемелерге жардам беришет, мугалимдер ал жерде аңгемелер жана лекцияларды педагогикалык консультацияларды өткөрүшөт.

Жалпы эле ата-энелерге педагогикалык билим берүү системасында эң орчундуу орунду мектептин өзүндө уюштуруулучу сабактар, группалык жана индивидуалдык консультациялар, ата-энелер чогулушу, диспуттар, тегерек столдо жолугуушулар ээлешет.

Балдарды үй-бүлөдө тарбиялоо башка айтканда, гумандуулукка тарбиялоо барынан эмоционалдуу келет, анткени ал ата-энелердин балдарга болгон мээримине жана балдардын ата-энесине карата сезимине негизделет. Бул тууралуу А.С. Макаренко «Ата-эненин мээримин көрбөй өскөн адамдар көпчүлүк учурда жүрөгү жаралуу адамдар болушат» - деп жазган.

Ата-энелердин балдарга болгон мээриминин орундуулугу менен акыл эстүү талапты катуу коюусунун айкалышуусу алардын педагогикалык маданиятынын кандайдыр бир деңгээлге жетишкендигин белгилейт. Ошентип, ата-энелерди өспүрүмдөрдү гумандуулукка тарбиялоого даярдоону билимдер системасы менен эле чектебестен, бул даярдыктын мааниси барыдан мурда алардын педагогикалык маданиятын жогорулатууда экендигин билишибиз керек.

**Адабияттар**

1. Мамбетакунов Э.М., Сияев Т. М. Педагогиканын негиздери –Б., 2002.
2. Сластенин В.А. Педагогика. -М.,1998.
3. Сухомлинский В.А. Рождение гражданина. –М.,1971.
4. Иванов К.А. Все начинается с учителя. –М.: Просвешение, 1989.
5. Неменский Б.М. Новые педагогические мышления. –М., 1989.